Ош облустук коомдук-саясый гезити

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№3 [16961] ИШЕМБИ, 08/02/2025

## Эт менен картошка эмне болуп кымбаттады?



3-бетте

## ОШ УЛУТТУК ДРАМАЛЫК ТЕАТРЫ - ЖЫЛДЫН МЫКТЫ МЕКЕМЕСИ



8-бетте

## Тоолуу аймактагы Папан айыл өкмөтү



5-бетте

## МЕНИН АТАМ - ЭҢ ЖАКШЫ АДАМ



6-бетте

## Калк саламаттыгын сактаган дарыгер Айгүл Жоробекова



4-бетте

Ош облустук коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан
Кыдыралиева

**Нөөмөтчү**
А.Матиева

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 147**
**Нускасы: 1900**

**Реквизиттер:**
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:** 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт. Кол жазмалар кайтарылбайт.

**Байланыш:**
Кабылдама: 7–13–34
Жооптуу катчы: 7–10–02
Жарнак бөлүмү: 7–11–31
E-mail: oshjan@mail.ru

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# ВЕТЕРИНАРИЯ ТАРМАГЫ БОЮНЧА ЖЫЙЫН ӨТТҮ

Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратында облус аймагында ветеринария тармагында жүргүзүлгөн иштерди талкуулаган жыйын болуп өттү.

Жыйынга Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Курманбек Айтибаев жана тийиштүү мамлекеттик органдардын өкүлдөрү жана ветеринардык кызматтын жетекчилери катышты.

Күн тартибинде төмөнкү маселелер каралды:

1. Экспортко чыккан мал жандыктары жана ветеринариядагы коррупциялык көрүнүштөр.

2. Мал жандыктарын эмдөө иштери жана тиешелүү мамлекеттик токтомдордун аткарылышы.

3. Ветеринардык-санитардык эрежелердин сакталышы жана көзөмөл.






Жыйындын жүрүшүндө мал эмдөө иштеринин жүрүшү, пландын сапаттуу жана толук аткарылышын камсыздоо талкууланды. Ошондой эле мал базарлардын санитардык абалын жакшыртуу, сибирь жарасынын очокторун тыкыр көзөмөлдөө, кутурма оорусунун алдын алуу жана жайыттарды натыйжалуу пайдалануу маселелери көтөрүлдү.

Андан сырткары, айыл жерлеринде ветеринардык кызматынын уруксаты жок, көзөмөлдөнбөгөн шартта мал союу жана эт сатуу (даңгана) практикасына тыюу салуу зарылдыгы белгиленди. Бул жаныбарлардан адамга жугуучу оорулардын алдын алуу, тамак-аш коопсуздугун камсыздоо жана санитардык нормаларды сактоо максатын көздөйт.

Жыйындын соңунда тиешелүү мекемелерге ветеринардык-санитардык талаптарды катуу көзөмөлдөө, Беккари чуңкурларын уюштуруу боюнча иштерди ыкчамдатуу жана жаныбарлардын жугуштуу ооруларына каршы күрөшүү боюнча чараларды күчөтүү тапшырмасы берилди.

# ЖАРАНДАРДЫН ЖЕКЕ МАСЕЛЕЛЕРИ ЧЕЧИЛЕТ




КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Илияз Ташбаев Ош облусунун ар кайсы райондорунан келген жарандарды кабыл алды.

Жолугушууда тургундар өздөрүнүн көйгөйлөрүн айтып, суроолоруна жооп алышты. Анда жарандар тарабынан турак жай алуу, жер тилке, ишкердик баштоого көмөктөшүү жана материалдык жардам алуу сыяктуу бир катар социалдык маанилүү маселелер айтылды.

Өкүлдүн орун басары жарандар тарабынан айтылган ар бир көйгөй боюнча жооп берип, ага кошо айыл өкмөт, акимдер менен түз байланышып, тапшырма берип, айтылган маселелерди чечүүгө чакырды.

**Даярдаган**
**К.Кыдыралиева.**

**Прокурордук көзөмөл**

# Камакка байланышпаган жазалар боюнча соттук практикасы

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси эң жогорку социалдык баалуулуктар катары инсанды, анын өмүрүн жана ден соолугун, ар-намысын жана кадыр-баркын, кол тийбестигин жана коопсуздугун коргоону камсыз кылат.

Кылмыш жасаган адамга сот түзөтүү, кайра социалдаштыруу жана жаңы кылмыштарды жасашын алдын алуу максатында, ошондой эле социалдык адилеттүүлүктү калыбына келтирүү максатында зарыл жана жетиштүү жазаны дайындайт. Жаза жана кылмыш-жаза-укуктук таасир этүүнүн башка чаралары дене бойго зыян алып келбеши же адамдын кадыр-баркын кемсинтпеши керек.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза Кодекске анда көрсөтүлгөн жосундардын жазасын жана башка кылмыш-жаза-укуктук кесепеттерин негизсиз оордоткон өзгөртүүлөр киргизилбейт.

Кылмыш жасагандыгы үчүн күнөөлүү деп таанылган адамдарга сот тарабынан жеңил түрүнөн кыйла оор түрүнө өтүү менен камакка байланышпаган төмөндөгү негизги жазалар колдонулат.

Коомдон бөлүп коюу менен байланышпаган жазалар; коомдук иштер, эркиндигин чектөө, белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу, түзөтүү жумуштары, айып. Мында түзөтүү жумуштарынын жана айыптын катуулугу алардын конкреттүү өлчөмү менен аныкталат.

Андан башка, сот анчалык оор эмес жана (же) оор кылмыштар үчүн эркиндигинен ажыратуу түрүндө жазаны дайындоодо, күнөөлүүнүн ким экендигин, анын пробациялык көзөмөлдү колдонууга берген макулдугун, ошондой эле иштин башка жагдайларын эске алуу менен, соттолгон адамды жаза өтөбөстөн түзөтүү мүмкүн экендиги жөнүндө тыянакка келсе, кылмыш-жаза-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоочу-кубаттоочу чарасы болуп эсептелген пробациялык көзөмөлдү (пробацияны) колдонуу аркылуу аны жаза өтөөдөн бошотуу жөнүндө чечим кабыл алат.

Мындан сырткары, Кылмыш жасаган адамдарга мунапыс берүү жөнүндө мыйзам кабыл алынган болсо, кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотулушу мүмкүн. Кылмыш жасагандыгы үчүн соттолгон адамдар жазадан бошотулушу же аларга дайындалган жаза кыскартылышы же жазанын кыйла жеңил түрү менен алмаштырылышы мүмкүн, же болбосо мындай адамдар жазанын кошумча түрүнөн бошотулат.

Ошондой эле, биринчи жолу коркунучтуулугу аз жана (же) анча оор эмес кылмыш жасаган он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки куракатагы бала, эгерде аны тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жолу менен ондоого болот деп таанылса, сот тарабынан жазадан бошотулат.

**К.Халмурзаев,**
**Ош шаарынын прокуратурасынын прокурорлордун сот өндүрүшүн катышуусу жана соттук чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө бөлүмүнүн прокуроры, юстициянын майору**

# Эт менен картошка эмне болуп кымбаттады?

**Жаңы жылдан кийин Кыргызстанда эт менен картошканын баасы кескин өсүп кетти. Учурда Ош шаарында 1 кг картошканын жогорку баасы 65 сомго чыкса, уй этинин 1 кг жогорку баасы 680 сомго жетти. Өткөн жылы күздө картошканын баасы 13-15 сом, ал эми жыл соңунда 25 сомго чейин, ал эми уй жана кой эттери жаңы жылга чейин 590-620 сомдон сатылып турган. Эмнеден улам мындай болуп жатат? Алдыда кеп болот.**



## Мал жандыктары четке экспорт болуусу эттин баасын кымбаттатыбы?

Ош шаардык кеңешинин 31-январындагы сессиясында "Бир Бол" фракциясынын депутаты Арыпбек Айтбаев Өзбекстанга аптасына 15 миң мал өтүп жатканын айтып, анын айынан Кыргызстанда эт кескин кымбаттап, эл кыйнала баштаганын айтты.

“Өзбекстанга 15 миң мал өтөрү боюнча Жогорку Кеңеште да айтылды. Ушуну көзөмөлдөп, башка иштерди аткарса болбойбу? Антимонополия деген ишкана бар, анын аты эле болбосо, эч нерсе кыла албайт экен",- деди ал.

Бирок, депутат расмий булакка кайрылган жок, ошол эле учурда депутаттын бул доомаатына сессияда жарытаарлык жооп деле болбоду.

Ал арада Кыргызстандын Суу чарба, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигине караштуу Ветеринария кызматы айыл чарба жаныбарларын экспорттоого уруксат берүү токтотулганын билдирген. 2025-жылдын 31-январындагы No04-13/4 буйругуна ылайык, бодо малды, майда мүйүздүү малды жана жылкыны үчүнчү мамлекеттерге экспорттоо убактылуу токтотулган.

Анда айтылгандай, ушул күнгө чейин берилген уруксаттар күчүндө болот, бирок, бардык текшерүүлөр аяктаганга жана чемендик укуктук актыларга өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин мал экспорттоо токтотулат. Уруксат берүү процессинин кайра жандалышы боюнча кошумча маалымат кийинчерээк жарыялана турган болду.

Айыл чарба жаныбарларын экспорттоого убактылуу тыюу салынган болсо, бул ички эт рыногундагы баанын турукташышына кыска мөөнөттүү оң таасирин тийгизиши мүмкүн. Себеби, экспорт азайса, ички базарда мал саны көбөйүп, сунуш өсөт, бул эт баасынын мындан ары дагы кескин көтөрүлүшүнө жол бербеши мүмкүн.

Бирок, бул чара узак мөөнөттүү чечим катары каралышы кыйын. Дыйкандар жана фермерлер малды экспорттоо мүмкүнчүлүгүнөн убактылуу ажыратылгандыктан, алардын кирешеси төмөндөп, чарбаларды иштөөсүнө терс таасирин тийгизиши ыктымал.


## Баалардын өсүү темпи

Кыргызстандагы негизги азык-түлүк продукцияларынын баалары акыркы жылдары туруктуу өсүштө болуп келгенин Улуттук статистикалык комитеттин маалыматтары тастыктайт. Айрыкча, уй жана кой эттеринин баалары 2018-жылдан 2025-жылга чейин дээрлик эки эсеге жогорулаган. Мисалы, уйдун эти 2018-жылы 319 сом болсо, 2025-жылы 599 сомго жеткен. Койдун эти да 322 сомдон 618 сомго көтөрүлгөн. Бул тенденция азык-түлүк инфляциясынын деңгээли жогору экенин жана эт продукциясына болгон суроо-талаптар менен сунуштардын тең салмаксыздыгын көрсөтөт.

Эт бааларынын өсүшүнүн негизги себептеринин бири – мал чарбачылыгына байланышкан чыгымдардын көбөйүшү. Жемчөптүн кымбатташы, күйүүчү майдын баасынын өсүшү жана мал багууга кеткен чыгымдардын



жогорулашы эттин базар баасына түздөн-түз таасир этүүдө. Ошондой эле, эттин экспорттук рыногунун кеңейиши ички базарда баанын кымбатташына алып келген. Кыргызстандын эт рыногундагы бул тенденциялар айрым социалдык катмарлар үчүн экономикалык кыйынчылыктарды жаратып, сатып алуу жөндөмдүүлүгүнө терс таасирин тийгизүүдө.




Ал эми картошканын баасы салыштырмалуу туруксуз болгон менен, баалардын өсүү тенденциясы байкалат. 2018-жылы 29 сом болгон картошка 2025-жылы 43 сомго жеткен. 2020-жылы анын баасы 23 сомго түшкөнү менен, кийинки жылдарда кайрадан көтөрүлгөн. Бул көрсөткүч дыйканчылык шарттарына, климаттык өзгөрүүлөргө жана айыл чарба продукциясынын өндүрүш көлөмүнө байланыштуу болушу мүмкүн. Картошканын баасы этке салыштырмалуу азыраак өскөнү элдин негизги азык-түлүккө жеткиликтүүлүгүн камсыздоо үчүн маанилүү фактор болуп саналат.


## Чыныгы баа кандай?

Бүгүнкү күндө Ош шаарында картошканын орточо баасы 55 (эң жогорку баа 65) сомго чыкты. Ал эми уй жана кой этинин баасы бирдей болуп, орточо баасы 670 (эң жогорку баасы 680) сом деп катталды. Булар тууралуу КР Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы кызматынын Ош шаардык бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткаруучу Манас Мукамбет уулу билдирди.

Башкача айтканда, Улуттук статистикалык комитеттин акыркы маалыматтары менен салыштырганда, Ош шаарындагы азык-түлүк баалары бир топ жогору экени байкалууда. Расмий статистика боюнча, 2025-жылдын январында картошканын орточо баасы 43 сом болсо, учурда Ош шаарында анын баасы 55 сомго чыгып, кээ бир соода түйүндөрүндө 65 сомго жеткени белгиленүүдө. Бул өсүш аймактык баалардын өзгөрүлмөлүүлүгүн жана ички рыноктогу факторлордун таасирин көрсөтүп турат. Дыйкандардын чыгымдарынын көбөйүшү жана ортомчулар аркылуу баанын көтөрүлүшү бул өсүштүн негизги себептеринин бири болушу мүмкүн.

Эт базарында да кыйла олуттуу айырмачылык байкалды. Улуттук статком 2025-жылдын январында уй этинин орточо баасын 599 сом, кой этинин баасын 618 сом деп көрсөткөн. Бирок Ош шаарында учурда эки продукциянын тең орточо баасы 670 сомго чыгып, эң жогорку чек 680 сомго жеткен. Бул аймактагы эт продукциясына болгон жогорку суроо-талаптын, жеткирүү чыгымдарынын өсүшүнүн жана инфляциянын таасирин көрсөтүп турат.

Ал арада этке болгон баа мындан ары дагы кымбаттоосу толук мүмкүн, анткени бир катар экономикалык жана социалдык факторлор анын өсүшүнө түрткү болууда. Ошондой эле сатуучулар малды кымбат баада сатууга аракет кылышууда. Бул – алардын чыгымдарынын көбөйүшүнө түз байланыштуу десе болот. Жем-чөп сыяктуу тийиштүү керектөөлөрдүн баасы кымбаттагандыктан, мал багуунун жалпы наркы да жогорулап, бул эттин базардагы баасына түз таасир этүүдө. Ошондой эле, эттин сыртка экспорттоо көбөйгөн сайын ички рынок азайгандыктан, бул да баанын көтөрүлүшүнө алып келиши толук мүмкүн.



Бирок, эт баасын жөн гана дыйкандар көтөрүп жатат деп айтуу бир жактуу баа берүү болушу мүмкүн. Базардагы ортомчулар, дүң сатуучулар жана дүң сатып алуучулар дагы өз үлүшүн кошот. Кээ бир учурларда эт сатуучу жайлар жана соода түйүндөрү да өз пайдасын көбөйтүү үчүн бааларды атайлап жасалма жогорулатышы мүмкүн. Ошондуктан, баанын өсүшүнүн негизги себептерин тереӊ изилдеп, тиешелүү мамлекеттик органдар мал чарбачылыгын колдоо, базардагы ортомчулук факторлорду жөнгө салуу жана азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо боюнча эффективдүү чараларды иштеп чыгышы керек.

## Картошка кантип кымбаттады?

5-февралдагы Жогорку Кеңештин жыйынында депутат Элдар Абакиров өлкөдө картошканын баасы кескин кымбаттап кеткенин айтып, кийинки жылы да мындай көрүнүш кайталанбашы үчүн өкмөттү алдын ала чара көрүүгө чакырды.

“Эл үчүн 1 кг картошка 60 сом деген баа жогору. Мисалы, бир кап ун сатып алсаңыз 1700-1800 сом болсо, ошондой эле салмактагы бир кап картошка 2500-3000 сом болуп калды”, - деди ал.

2024-жылдын соңунан тартып Кыргызстанда картошка кескин кымбаттап, базардагы баасы 60-70 сомго чейин чыгып кетти. Адистер буга негизги эки себеп – түшүмдүн жылдагыдан азыраак жыйналышы жана коңшу өлкөлөргө экспорт эки эсе көбөйүшү түрткү болгонун белгилеп жатышат.

Министрлер Кабинетинин төрагасынын орун басары, суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министри Бакыт Төрөбаев Кыргызстанда картошканын баасын ортомчулар көтөрүп жибергенин 4-февралда “Биринчи радионун” эфиринде айткан.

“Дыйкандар картошкасын 35-40 сомдон сатып жатышат. Алар бул баага ыраазы. Бирок ортомчулар базарларда бааны көтөрүп салышты. Ошто картошканын дүң баасы 60 сомго чыгып кеткен экен, биз иш алып баргандан кийин 49 сомго түштү. Ортомчулар ашыкча кошуп жибербеш керек”, - деди ал.

Буларга кошумчалап, учурда Нарын, Ысык-Көл облустарында, Кемин жана Чоң-Алай райондорунда Кыргызстандын муктаждыгын жабууга жете турган картошканын көлөмү бар. Төрөбаев ортомчуларды дыйкандардан алган картошкага беш сомдон ашык кошпоого чакырып, эгер баа негизсиз көтөрүлүп кетсе Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы чара көрөрүн билдирди.

Улуттук статистика комитетинин маалыматына ылайык, Кыргызстан 2024-жылы картошканы Өзбекстан менен Казакстанга жылдагыдан эки эсе көп экспорттогон. Өзбекстанга 57,8 миң тонна, Казакстанга 9,4 миң тонна картошка сатылган.

Айыл чарба министрлигинин маалыматы боюнча, быйтыр картошканын түшүмү азыраак болуп, жылдагыдан 7,5% аз жыйналган. Жыл ичиндеги жалпы өндүрүлгөн картошканын көлөмү 1 млн 190 миң тоннага жетет.

Түшүмдүн азайышы эгин талааларынын аянтынын 2023-жылдагыга караганда 8,4% кыскарышы менен түшүндүрүлөт. Картошка Кыргызстандагы тогуз социалдык маанилүү азыктын катарына кирет, аны менен калктын керектөөсүн камсыздоо 150% ашат деп эсептелет.

**А.Каракозуев.**

# “Студент” аталышында киносериал тартылууда

**ОшМУда учурда студенттер менен биргеликте “Студент” аталышындагы киносериал тартылууда. Ал студенттердин окууга болгон кызыгуусун ойготуп, жаштык демди даңазалайт. Киносериалдын режиссёру, ОшМУнун педагогика, искусство жана журналистика институтунун окутуучусу Жанышбек Дадабаев. Аны менен бул тасма тууралуу маек курдук.**



**-Саламатсызбы Жаныш агай, “Студент” киносериалы тартылып жатыптыр. Аны тартуу идеясы кайдан чыкты?**

-Саламатчылык, негизи идея менден чыккан жок. Биздин жаңы жетекчибиз, окуу иштери боюнча орун басар Дамирбек Ыразаков агайдын сунушу жана идеясы менен тартылып жатат. Кыска убакыттын ичинде сценарий жазылып, тартып калдык.

**-Негизи киносериал эмне жөнүндө? Ал канча сериядан турат?**

-Көбүнчөсү студенттердин билим алууга көз карашы, ийгиликке жетүүсү боюнча тартылган. Азыркы учурда жаштар толук кандуу жакшы билим албай жатышат. Ошондуктан, сериалда жакшы окугандарга билим дүйнөсүнүн чоң эшигин ачыларын көргөзгүбүз келген. Планыбызда 8 серия болот дегенбиз, бирок азыр толук тартып бүтө элекпиз.

**-Актёрлор кандай тандалды? Алар кимдер?**

-Актерлукка кастинг жарыялаганбыз. Ал иш-чарабыз 5 күнгө созулду. ОшМУнун бардык факультеттеринен жана эң негизгиси Киноакадемиянын студенттери катышышты. Калыстар тобу тарабынан ар кандай тапшырмалар берилип, актёрлукка кызыккан, таланттуу студенттер тандалып алынды. Аларга 15 күн актёрдук даярдоо курсу өтөрүлдү.

**-Башкы ролду ким ойнойт? Бир эле адамбы же бир нечеби?**

-Негизинен бир эле бала башкы каарман. Ал – Эрланбек Кочкорбеков. Киноакадемиянын 2-курсунун студенти. Андан сырткары, төрт каарман бар. Баланын эки досу жана айылдан келген кыз. Бул жерде мугалимдин дагы ролун көргөзгөнбүз. Бишкек шаарынан актёр Атай Өмүрзаков да келип ойнон берип кетти.



**-Сериалда дагы эмнени чагылдырып бергиңиздер келген?**

-Максаттар көп, чынында. Университетти толук көргөзгүбүз келет. Учурда каржы маселесине байланыштуу тартуу токтоп турат. Өзүбүзгө демөөрчү таап, жаз айларында кайра улантууну пландап жатабыз.

**-Кайсы аймактарда тартылды?**

-Ош облусуна караштуу Жароос айылында тартылды. Андан сырткары, Ош шаарында, университетте, спорт залдарда, уруксат берилген жерлерде тарта алдык.

**-Кандай кыйынчылыктар болду?**

-Кыйынчылык дегенде, биринчи кезекте бүтүндөй Ош шаарында кино тартуудагы профессионал адамдар аз экен. Мен Бишкек шаарында дагы иштеп келгем. Техника жетиштүү болгон менен иштете турган адам табылбай калган учурлар болот экен дегендей... Ушул жактан кичине кыйынчылык болду.

**-Сиздин көз карашыңызда студенттердин аткаргандары купулуңузга толдубу?**

-Жакшы суроо болду. Мени сүйүндүргөн жери – студенттер киного тартылгысы келет, баары аракет, эмгек кылышып, ролдорун аткарышты. Кыйынчылык бар албетте, бирок женсе болот.

**-Каржы маселеси кандай болду? Университет каржыладыбы?**

-Чындыгында продюсер катары Дамир агай жарым акчасын өзү каржылады.

Жарымын шаардагы курулуш компанияларынын бири көтөрдү. Өзүңүздөр билгендей, кино тартуу оңой иш эмес, машакат. 100 миң сом эч нерсеге жетпейт экен. Ал эми университет актёрлорду толук окуусунан бошотуп, уруксат беришти. Окуу жайдагы сьемка тарта турган жерлерге кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүп беришти.

**-Акыркы суроо, өзүңүздүн кино режиссура тармагындагы тажрыйбаңыз тууралуу айта кетсеңиз?**

-Мен негизи бул тармакта 13 жылдан бери эмгектенип келем. Оператор болуу кыялым болчу, бирок ошол мезгилде режиссёрлук курс ачылып, бир жыл билим алдым. 2014-жылы Бүбүсара Бейшеналиева атындагы университетке тапшырып, 5 жыл окудум. Ошол мезгилде эле документалдуу фильмдерди тартып, ар кандай сынактарга катышчу элем. Былтыр дебюттум катары “Интеллигент” фильмин тартып бүтүрдүм.

**-Ишиңизге ийгилик, маегиңизге ыраазычылык билдиребиз.**

**Маектешкен: Айганыш Нурлан кызы.**

# Калк саламаттыгын сактаган дарыгер Айгүл Жоробекова

**Өткөн жылдын соңунда Кара-Суу районунун Калинин айылындагы ФАП толук оңдоп-түзөөдөн өткөрүлүп, жергиликтүү тургундарга кызмат көрсөтө баштады. Анын жетекчиси Айгүл Жоробекова аталган ФАПтын калкка кызмат көрсөтүүдөгү ролун айтып берди.**





**–Саламатсызбы, Айгүл эже? Жакында Калинин айылына жаңы ФАП ачылып, пайдаланууга берилди. Айыл элинин саламаттыгын сактоодо, сиздер кандай кызмат көрсөтүп жатасыздар?**

–Саламатчылык. Биз, жамаатыбыз менен биргеликте элге керек учурда алгачкы медициналык жардамды көрсөтөбүз. Амбулатордук дарылоодон өткөрүп турабыз. Кош бойлууларды өз убагында каттоого алып, аларды төрөткө даярдап, эненин жана баланын саламаттыгына көңүлдү көбүрөөк бөлүп, аман-эсен энени төрөтүп алыштын аракетин жасайбыз. Ооруну алдын алыш үчүн профилактикалык иштерди жүргүзөбүз. Алдын ала эмдөөлөрдү жүргүзүүнү, бейтаптарды күнү-түнү тейлеп, ден соолуктарын көзөмөлдөп турабыз. Бизде ийне сайуу, эмдөөлөрдү жасоо, жолдомо берүү акысыз.

**–Бирге иштеген жамаатыңыз жөнүндө айтып берсеңиз.**

–Жамаатыбыз чакан. Биздин ФАПта бир фельдшер, бир акушер бар, андан сырткары, үй-бүлөлүк медайым бар. Төрт медициналык кызматкер иштейбиз, эки потранаждык үй-бүлөлүк медайымдар. Потранаж дегенибиздин себеби, алар көчө кыдырат, анан бир санитар, кичи медайым жана ФАП башчы, мен төртөөбүз иштейбиз. Биздин жамаатыбыз келген бейтаптарды жакшы кабыл алышат. Колдорунан келген жардамды сапаттуу медициналык тейлөөгө аракет жасашат. Жамаатыбыз ынтымактуу, келген бейтаптарга кичи пейил мамиле жасаганга аракет кылабыз.

**–Жугуштуу сезондук оорулар, жаш эне баланын саламаттыгын сактоодо болгон ролу жөнүндө түшүндүрүү иштерин алып барасыздарбы?**

–Сөзсүз алып барабыз. Жогоруда айтып кетпедимби, көчө кыдыруучу патронаж медайымдар менен бирге биз да жумасына эки жолу элге чыгабыз. Профилактикалык иштерди жүргүзөбүз. Мисалы: сасык тумоо, кызамык, сарык оорулары дегендей сезондук оорулар бар. Ар бирибизге бөлүнгөн микро участокторго барабыз. Ошондой эле мектеп, бала бакчага барып, жогоруда айтылган ооруларды алдын алуу үчүн түшүндүрүү иштерин дайыма жүргүзүп турабыз.

**–Жарандарга дарылануу да мамлекеттик кепилдик жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзөсүздөрбү?**

–Сөзсүз түрдө. Келген ар бир жаранды амбулатордук дарылоодон өткөрүүнүн алдында, аз кандуулугу, кан басымы жогору, ошондой эле кош бойлуу жарандарга медициналык камсыздандыруу фонду тарабынан бериле турган гарантиялык рецепт жазып беребиз. Алар дарыканалардан жеңилдетилген баада алышат. Ошондой эле кош бойлуу аялдарга, жашы беш жашка жетелек балдарга, пенсиядагы жарандарга, жашы жетимиштен ашкан жарандарга даарылануу да мамлекеттик кепилдик бар экендигин түшүндүрүп келебиз.

**–Сиз, Жоош айылдык кеңешине экинчи жолу депутат болуп шайланып, иштеп жатасыз. Эл өкүлү катары сессияда саламаттыкты сактоо тармагында кандай маселелерди көтөрүп жатасыз?**

–Сессияда мен мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга жардам көрсөтүүнү сунуштайм. Алардын жөлөк акчаларынын суммасын көтөрүүнү сунамын. Ошондой эле айыл өкмөт тараптан жылына бир жолу болуучу мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын күнүнө жардам берүү маселесин көтөрөмүн. Калк үчүн зарыл болгон дарыдармектердин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу маселелерин ортого саламын.

**–Рахмат маегиңизге, саламатта калыңыз.**

**Маектешкен: Анжела Сайдалиева**

# Тоолуу аймактагы Папан айыл өкмөтү

**Токтосунов Тагдырбек Токтосунович 1982-жылы 29-сентябрда Кара-Кулжа районунун Кеңеш айылында жарык дүйнөгө келген. Орто мектепти аяктаган соң, Ош шаарындагы академик М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин "бухгалтердик эсеп жана аудит" адистигине тапшырып, окуу жайды 2007-жылы ийгиликтүү аяктаган.**



Эмгек жолун Кара-Суу райондук ооруканасында эсепчи болуудан баштайт. 2006-2007-жылдары Ош шаарындагы Дос-Кредо банкта эсепчи, 2011-2014-жылдары Кара-Кулжа районундагы Кеңеш айыл өкмөтүнүн жаштар комитетинин төрагасы, 2014-2015-жылдары Кеңеш айыл өкмөтүндө финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы, 2015-2022-жылдарга чейин Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы болуп эмгектенди. 2023-жылдын 25-октябрынан тартып Кара-Суу районундагы Папан айыл өкмөтүнүн башчысы болуп, үзүрлүү эмгектенип келе жатат.

Папан айыл аймагы деңиз деңгээлинен 1500-2100 метр бийиктикте, Кара-Суу районунун административдик чек арасынын түштүк бөлүгүндө жайгашкан. Ош шаары, Мады, Баш-Булак, Датка айыл өкмөттөрү жана Ноокат району менен чектешет. 1996-жылы Папан айыл өкмөтү болуп уюштурулуп, Президентибиз Жапаров Садыр Нургожоевичтин жарлыгына ылайык айыл өкмөттүн аталышы 2024-жылдын 1-апрелинде № 70994-3306-У-е кайрадан каттоодон өтүп "Папан айыл аймагынын айыл өкмөтү" болуп өзгөртүлдү. Жалпы аянты-32366 км$^2$ калктын жалпы саны-18704 адам. Райондун борборунан 70 км, облустан 45 км, аралыкта жайгашкан, аймак өзүнүн карамагында 12 айыл, 2674 кожолукту камтыйт. Папан айыл өкмөтүнүн аймагында билим берүүчү 8 мектеп, 3 балдар бакчасы, 1 оорукана, 6 ФАП, 1 маданият үйү, 1 китепкана жана спорт залы бар.

Папан айыл өкмөтүнө караган көмүр кендерине Кожо-Келен (мурунку Ала-Тоо) көмүр кени, "Омега уголь Топ база" (кыргыз көмүр) кирет. Ошондой эле Папан айыл аймагында С. Ибраимов атындагы Папан суу сактагычы бар.

Папан айыл өкмөтүндөгү китепкана айылдагы окурмандарды жана коомчулукту маданий массалык жактан тейлеп келет. Майрамдык иш-чараларды, көргөзмөлөрдү, акын-жазуучулардын кечелерин, жолугушууларды байма-бай өткөрүп турат. Китеп фондунда 21317 китеп бар.

2024-жылда мөмө-жемиштерди сактоочу логистикалык борбор курулду. Ошондой эле алчалуу айылына жаңы ФАП салынып, пайдаланууга берилди. Жолдорду оңдоо, асфальттоо иштери да аткарылды. Атай кетсек, Кожо-Келен, Кызыл-Туу, Арал жана Чычкан-Көл айылдарына да асфальт төшөлдү.

Айыл өкмөтүндө көп жылдардан бери иштегендердин катарына өкмөттүн башчысынын орун басары Д. Акбураев, ФЕП башчысы Г. Бердигулова, башкы салык кызматкери М. Мурзабеков, китепкана башчысы Ж. Тапаева, сатып алуулар боюнча адис А. Айтиев жана жетектөөчү адис Аскербек уулу Кылымбек ж. б. атоого болот.

2024-жылы жергиликтүү бюджет 19 437 000 сом болуп, бул сумманы 110%га көтөрүү пландалган, жыл жыйынтыгы менен план 118,9%га, кошумча 3 677 000 сом пландан ашыкча аткарылып, жалпы 23 114 000 сомго толтурулду. Айрыкча, салыктарды чогултууда ыктыярдуу патент үчүн – 160,6%га, транспорт салыгы – 208,9%га, кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерине ижара акыны 219,5%га жана башка салыктын бардык түрлөрүнө коюлган пландан ашыкча аткаруу ишке ашты.

Жакырчылыктын деңгээлин түшүрүүдө алгылыктуу иштер жүргүзүлүп, 2023-жылга салыштырмалуу 0,7%га төмөндөдү, (2023-жылы 45% болсо, 2024-жыл 38%га түштү). Социалдык контрактын негизинде быйыл 100 үй-бүлө 100.000 (жүз) миң сом акча каражатын алып, мал чарбасы, кичи ишкердик жана тейлөө кызматтары аркылуу иш алып баруууда, айыл өкмөтү тарабынан өз убагында мониторинг жүргүзүлүп максаттуу иштөөсү дайыма көзөмөлдө турат. 2024-жыл ичинде жергиликтүү жарандардан материалдык жардам сурап кайрылган 151 арыз келип түшкөн, атайын жарандык коомдон жана соцкызматкерлерден түзүлгөн комиссиянын негизинде 97 жаранга жергиликтүү бюджеттин эсебинен 482 000 сом материалдык жардам берилди

Мүлктү, тарнспорт каражаттарын жана жарандардын турак үйлөрүн камсыздандыруу ишинде айыл өкмөтү Мамлекеттик камсыздандыруу уюму менен келишим түзүп, 1 кызматкер туруктуу жумушка тартылган, быйылкы жылы айыл өкмөтү тарабынан 8 социалдык имараттар, 1 кызматтык унаа менен камсыздандырылды. Ал эми калктын турак жайларын 2024-жылы 30%га камсыздоо пландалып, жыл жыйынтыгы менен 30,5%га аткарылды.

Мал жандыктарды тейлөө ишинде ветеринардык инспекторлор тарабынан ири мүйүздүү малдарды жана жылкыларды идентификациядан өткөрүү жүргүзүлдү. Бүгүнкү күндө 5287 баш бодо малга жана 1236 баш жылкыларга чип басуу иштери бүттү. Ал эми жыл ичинде жугуштуу оорулардын алдын алуу үчүн чумага каршы-10857 баш, кутурмага-278, оспага-5570, сибирь жарасына-12093, ящурга-10857 баш малга вакцина саюу жүргүзүлдү.

Айыл аймактын инфратүзүмүн жакшыртууда республикалык бюджеттен, облустук жана райондук өнүктүрүү фонддорунан жана жеке демөөрчүлөрдөн, ошондой эле Эл аралык уюмдар менен иш жүргүзүлүп бир топ долбоорлор иш жүзүнө ашты.

Ж.Шериев атындагы орто мектебинин 150 орундуу жаңы имаратынын сметалык баасы 103 000 000 сом акча каражаты республикалык бюджеттен бөлүнүп, бүгүнкү күндө курулуш иштери жүрүп жатат.

Кызыл-Туу айылынын Б.Исмаилов атындагы ички көчөсүнө асфальт төшөө иштерине Республикалык бюджеттин дем берүүчү грант аркылуу 3 550 000 сом акча каражаты, Жергиликтүү бюджеттен 2 561 600 сом акча каражаты жана элдик салым жергиликтүү жашоочулар тарабынан 999 983 сом бөлүнүп асфальт төшөлдү.

Чычкан-Көл айылынын Т.Калыев атындагы ички көчөсүнө асфальт төшөө иштерине Республикалык бюджеттин дем берүүчү грант аркылуу 3 450 370 сом акча каражаты, Жергиликтүү бюджеттен 2 450 400 сом акча каражаты жана элдик салым жергиликтүү жашоочулар тарабынан 999 970 сом бөлүнүп асфальт төшөө иштери 100%га бүттү.

Арал айылынын Жээнкул уулу Макамбай атындагы ички көчөсүнө асфальт төшөө иштерине Республикалык бюджеттин дем берүүчү гранттын эсебинен 3 000 000 сом акча каражаты, жергиликтүү бюджеттен 1 171 500 сом акча каражаты жана элдик салым жергиликтүү жашоочулар тарабынан 499 972 сом бөлүнүп асфальт төшөө иштери ийгиликтүү бүткөрүлдү.

Ак-Терек-Папан-Кожо-Келен автоунаа жолунун 72-74- чакырымын асфальттоого Ош облустук аймактарды өнүктүрүү фонду тарабынан каржыланып, сметалык баасы 15 968 348 сомду түзүп, бүгүнкү күндө асфальт төшөө иштери аягына чыгып автоунаа жолу пайдаланууга берилди.




## Таза суу менен камсыздалды

Папан айыл аймагында таза суу тартуу боюнча 2022-жылы Ак-Сафа эл аралык фонду тарабынан Кызыл-Туу айылына 4 км аралыкка таза суу тартылып, калган айылдарда Чычкан-Көл, Жар-Башы, Арал, Ак-Терек айылдарында жергиликтүү жашоочулар тарабынан Ак-Буура дарыясынан ичүүчү таза суу тартып алышкан. Айыл өкмөттүн бюджети жетишсиз болгондуктан, быйылкы жылы Дүйнөлүк банкы тарабынан каржылоого алынып, 2025-жылдан баштап пландоо иштери башталуу алдында турат.

## Инвестиция тартышты

KASA -1000 долбоору тарабынан Камыр-Суу айылына жалпы сметалык баасы 7 500 000 сомду түзгөн мөмө- жемиш сактоочу логистикалык борбор курулду.

Мерсико уюму тарабынан Папан айыл өкмөтүнүн С.Ибраимов, А.Семетеев, Э.Алыкулов,Карагур орто мектептеринин ысык тамак боюнча долбоору өтүп 1-4-класска чейинки окуучулар ыссык тамак менен камсыз болду.

Арал-Ак-Терек автоунаа жолундагы Шаркыратма сел сайына жеке ишкер демөөрчүлүк көрсөтүп жалпы сметалык баасы 5 000 000 сомду түзгөн көпүрө салынып, азыркы учурда пайдаланууга берилди.

Ал эми Кызыл-Жар участкасындагы ички көчөлөрдү жарыктандырууга айыл өкмөтү тарабына 10 даана темир бетон мамыча алынып, жеке демөөрчү тарабынан 35 даана темир бетон мамыча, 45 даана түнкү жарыктандыруучу лампасын жана 7200 метр электр чубалгысы орнотулуп, түнкү жарыктандыруу жергиликтүү жашоочуларга пайдаланууга берилди.

Ошондой эле Ош-Ноокат жолундагы Папан айыл аймагына бурулган жолго стелла куруу үчүн айыл өкмөт тарабынан проектиси бүткөрүлүп жакынкы күндөрү демөөрчү тарабынан курулуш иштери башталат.

Папан айыл аймагынын кире бериш босогосуна арка курууга айыл өкмөт тарабынан долбоордук-сметалык иш кагаздары даярдалып, жеке ишкер демөөрчү тарабынан каржыланып курулуш иштери жүрүүдө.

Ак-Терек айылындагы Кубатбек Мияшев атындагы денсоолукту чыңдоо борборунун жылытуу системасын онотууга жергиликтүү жашоочулар, демөөрчүлөр тарабынан жылытуу меши орнотулду.

**Б. Ысакова.**

# АРДАКТУУ БИЗДИН АГАЙЫБЫЗ

## Арзиев Жоромамат агайыбызга арналат

*Мугалим бул мөмөлүү дарактай,*
*Тамырында билим суусу аккандай.*
*Табиятты жаш муунга таанытып*
*Талбастыгы ташка тамга баскандай.*

*Кичи пейил, жөп жөнөкөй мүнөзүңүз,*
*Мектебим дейт, окуучум дейт жүрөгүңүз.*
*Мугалимдик сапатыңызды туу тутуп,*
*Ишиңизден кадыр- баркты таптыңыз сиз.*

*Физикадан мыйзамдарды жаттадык,*
*Тапшырманы көп берсе да,*
*уктабастан аткардык.*
*Уят кылбай агайымды мектептен,*
*«Ак эмгегин актайбыз» -деп ант бердик.*

**Жалал – Абад шаарына караштуу Тайгараев айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулуп – өскөн Жоромамат Арзиев агай 1966 – жылы орто мектепти аяктагандан кийин Ош мамлекеттик пединститутунун физика – математика факультетинен билим алды. Педагогикалык бул жогорку окуу жайды 1970 – жылы ийгиликтүү бүтүргөн соң, жолдомо менен Сузак районундагы Ю.Гагарин атындагы орто мектепке жиберилген. Ал бул мектепте физика мугалими болуп иштөө менен окуучулардын табигый илимдерге болгон кызыгуусун арттырды. Анын илимге кызыгып, окуучуларга терең билим берүүгө бөтөнчө ык койгонун баамдап – баалаган Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун жетекчилиги аны 1971 – жылы окуу жайга чакыртып алып, улук лаборант кызматына алды. Андан үч жылдан кийин ал Фрунзедеги политехникалык институтунда окуучу болуп иштеди. 1975 –жылдан Москва шаарындагы Л. Карпов атындагы физика – химия илимий изилдөө институтунун аспирантурасында окуп, 1980 – жылы кандидаттык илимий даражасын жактап чыкты.**

Аспирантураны аяктагандан кийин Фрунзе шаарындагы политехникалык институттун Оштогу кечки факультетинде, Ош технологиялык университетинде окутуучу, доцент, кафедра башчысы болуп эмгектенүү менен келечектеги адистерди даярдап чыгарууга үзүрлүү салымын кошту. Илимий эмгектеринин үзүрү кайтып, техника илимдеринин доктору, профессору болду.



Ал 1989 – жылдан 2009 – жылга чейин Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясынын Түштүк бөлүмүндө директордун орун басары, ал эми ошол эле жылдан баштап көп жылдар бою директор болуп, кут түшкөндөй бир институтта, бир илимий мекемеде иштеди, бул Түштүк Илимдер Академиясынын кадыр - баркка ээ экендигинин далили. Илимий иштери менен бирге шакирттерине багыт берип, жол көрсөтүп, аларды өндүрүшкө, түрлүү тармакка зор пайдасын тийгизе тургандай тарбиялап, албан ачылыштарды жасаган. Анын жигердүү аракеттеринен улам жаңы лабораториялар ишке берилди. Институттун материалдык – техникалык базасы, окутуучулардын кадрдык курамы чыңдалды.

Ата – Журт жана эл алдында бакубат турмушта күрдөөлдүү өмүр сапарын аяктады. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы, медалдары жана көптөгөн башка Ардак грамоталары менен сыйланган.

Агай! Сиздин кызыктуу, унутулгус сабактарыңызды, бизге берген терең, күчтүү билимиңизди, баа жеткис насааттыңызды, боорукер мүнөзүңүздү, илим-билимге арнаган өмүрүңүздү эч качан унутпайбыз! Илимпоз агайыбыздын жаркын элеси миңдеген окуучууларынын жүрөгүндө түбөлүккө жашайт!

**Дамира АСАНОВА, филология илимдеринин кандидаты, доцент,**
**Калыбек АБДУКААРОВ, жеке ишкер.**

# МЕНИН АТАМ - ЭҢ ЖАКШЫ АДАМ

**Адамдар бул дүйнөгө келип кетчү конок. Аны баары билишкени менен моюнга алгылары келбейт.Өздөрүн түбөлүк жашачудай сезишет. Бирок, убакыты келип баары чын дүйнөнү көздөй жөнөшөт. Көптөгөн кылымдар өтүп, жер алмашып, эл алмашып, ал адам баласы жашоонун мыйзамына баш ийип жашап келет.**

**Жараткан адамдарды жөн эле келип- кетүү эмес, бул жашоонун маңызын сезип, адам деген атка татыктуу өмүр сүрүү үчүн жараткан болсо керек.Татыктуу жашоо-баарына эле насип кыла бербейт.**

**Мен сөз кылайын деп жаткан инсан кудайдын жөнөкөй,байлыкка,мансапка умтулбаган ,баарына ыраазы болуп жашап өткөн инсан. Балдарынын сыймыктуу атасы-Исмаилов Төрөбай Боронович. Барга көөп кетпеген,жокко чөкпөгөн, шүгүр кылып гана жашап келген. Балдарына жакшы тарбия берген, аларды эч качан катуу айтып, урушпаган адам болгон.**





Ата-эне балдары үчүн идеалдуу, кемчилиги жок, эң ишенген таянычы болот эмеспи. Мен да атамды бул дүйнөдөгү эң акылдуу, баарын билген инсан катары билет элем. Мен үчүн атамдан өткөн идеалдуу эч ким жок эле. Мен эс тарткандан баштап көп жомокторду айтып берип, мага тендеши жок сыйкырдуу жомоктогу каармандардай сезилчү. Менин түшүнбөй сурай берчү адатымдан эч жадабайт эле. Суроолорума зерикпестен жооп берип, андан ары жомогун улачу. Кийин чоңоюп, мектепте окуп баштаганда атамдын өзүнө тиешелүү жумуштары көп болсо да, ар дайым китепти үзбөй окуп, дүйнөлүк , жергиликтүү жаңылыктар менен таанышып чыгат эле. Аңсезими төмөн, китеп окубаган адамдарды жактыра берчү эмес. Бирок, эч качан адамдын көңүлүн калтырбаган. Бирөөгө чоңбу, кичинеби, жашпы, карыбы, тууганыбы дайыма токтоо сылык сүйлөп, адамдардын көңүлүн көтөрүүгө аракет кылчу.Ойлоп көрсөм ушунча жашка келип бир адамдын көңүлүн ооруткандын, же катуу сүйлөгөнүн көрбөптүрмүн. Атам сыяктуу билимдүү, жоош- момун, өтө жөнөкөй, кичи пейил адамды жолуктурбадым. Анткени кичинекей кезинде апасы каза болуп, жетимдиктин азабын тартып, окуп көп нерсени билип, билим алсам деген максатын ишке ашыруу да оңой болбоптур. Турмуштун кыйынчылыгын көп тарткамын деп калчу.

Тоо койнунда кой кайтарып, бир колуна китеп кармап, окууну дегдеген бала, жылдар өтүп өз мүдөөсүнө жетип, билимдүү, окумуштуу адам болуп чыгат. Албетте, көп аракет жана умтулуунун аркасында жетишкен.

Өзү ойлогондой жазуучу, акын болуп, ар кандай чыгармаларды жазып, китеп кылып чыгарып, элге тартуулады. Журналистика тармагында :телевиденииеде, радиодо эмгектенди. Өз кесибин өтө сүйгөн, китеби же макаласы басылып чыкса, баладай сүйүнгөн инсан эле.

Убакыт өткөн сайын талдап отуруп, чыныгы адам деген атка татыктуу инсан –менин атам деп айта ала турганымды билдим. Менин атам- эң жакшы адам !

Мына атамдын бизден кеткенине эки жыл болуптур. Турмуштун өөдө-ылдыйы менен жүрүп, Сиздин жок экениңизди унутуп кетем. Эсиме түшүп Сиз жок экениңизди эстегенде, аябай өксүп ыйлагым келет. Чогуу жүргөн санаалаштарыңызды көрүп, ичим ачышат. Азыр биздин арабызда болгонуңузда 72 жашка толмок экенсиз. Бирок, айла канча Сиз кайрылбайсыз. Эгерде, өтүп кеткен адам жөнүндө эскерип, жаткан болсо, демек, ал тирүү деп коюшат эмеспи. Демек менин атам тирүү. Анын элеси дайыма жакындарынын жүрөгүндөө. Калтырып кеткен эмгектери эл ичинде жашай бермекчи. Аллах сизге бейиштен жай берсин, Ата!

**Алтынай Исмаилова,**
**ЧТжМБ институтунун окутуучусу.**

## КУЛАКТАНДЫРУУ

Жерде жүрүүчү жана суу транпорту департаментинин Ош аймактык башкармалыгы , төмөнкү маршруттар боюнча автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууларды уюштурууга сынак жарыялайт:

| № | Лот № | Каттамдын номуру жана аталышы | Автобустарды жөнөтүү убактысы | Автобустарды жөнөтүү орду | Автобустардын керектүү саны |
|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | V | VI |
| 1 | №1 | №449 Өзгөн-Жалал-Абад | 8-00 дөн 13-00 чейин | "Өзгөн автобекети" | 9 |
| 2 | №2 | № 351 Куршаб-Кара-Суу | 08-00 дон 15-30 чейин | "Өзгөн автобекети" | 7 |
| 3 | №3 | № 358 Кара-Суу Маданият | Ар биринин аралыгы 30 мүнөт | "Кара-Суу" АС | 12 |
| | | №305 Ачы-Жийделик | Ар биринин аралыгы 10 мүнөт | Кыймыл чиймеге ылайык | 18 |
| | | № 336 Ош-Мамажан-Кара-Суу | Ар биринин аралыгы 30 мүнөт | "Кара-Суу" АС | 12 |
| | | № 556 Ош-Жалал-Абад | 08-00 дон 15-30 чейин | "Ош автобекети" | 18 |
| | | № 519 Кара-Суу-Жалал-Абад | 08-00дон 13-00 чейин | "Кара-Суу" АС | 1 |
| | | № 443 Ош-Токтогул | 07-20дан 14-50гө чейин | "Ош автобекети" | 2 |
| 4 | №4 | № 216 Өзгөн-Обком-Бабыр | 7-20дан 18-20гө чейин | Өзгөн автостанциясы | 3 |
| | | № 401 Өзгөн Мырза-Аке | 7-20дан 18-20гө чейин | Өзгөн автостанциясы | 10 |
| 5 | №5 | № 319 Ош-Шералы | 7-00дан 12-300гө чейин | "Ош автобекети" | 1 |
| | | № 326 Ош-Чалма | 6-50дан 14-00гө чейин | "Ош автобекети" | 2 |
| | | № 337 Ош-Правда | 7-00дан 11-30гө чейин | "Ош автобекети" | 1 |
| | | № 536 Ош-Раззаков | 7-00дан 19-00гө чейин | "Ош автобекети" | 16 |
| | | №301 Ош-Өзгөн | 7-20дан 11-00гө чейин | "Ош автобекети" | 18 |
| | | №547 Ош-Минчынар | 07-00дан 11-00гө чейин | "Ош автобекети" | 5 |
| | | № 344 Ош-Кызыл-Ордо | 7-00дан 11-30гө чейин | "Ош автобекети" | 2 |
| 6 | №6 | № 325 Ош-Кара-Кулжа | 7-30 дан 19-20 чейин | "Ош автобекети" | 22 |
| 7 | №7 | № 329 Ош-Пор | 6-30дан 18-00 чейин | "Ош автобекети" | 3 |
| | | № 331 Ош-Ылай-Талаа | 06-30дан 15-00 чейин | "Ош автобекети" | 3 |
| | | №253 Ак-Кыя -Кара-Кулжа | 06-30дан 15-00 чейин | " Кара-Кулжа автобекети | 2 |
| | | № Сары-Булак-Кара-Кулжа | зезонный | " Кара-Кулжа автобекети | 1 |
| 8 | №8 | №252 Кара-Кулжа-Жаны-Талап | 7-00дон 13-00 чейин | " Кара-Кулжа автобекети | 2 |
| 9 | №9 | №241 Кара-Кулжа-Кара-Суу-Кара-Кулжа | 06-45ден 18-30га чейин | "Ош автобекети" | 4 |
| 10 | №10 | №341 Ош-Отуз-Адыр | Ар биринин аралыгы 10 мүнөт | Кыймыл чиймеге ылайык | 32 |
| | | №570 Ош Сары-Челек | 07-40 жонойт | "Ош автобекети" | 2 |
| | | № 361 Ош-Кызыл-Суу | 07-00дон 15-00 чейин | Кыймыл чиймеге ылайык | 2 |
| | | № 353 Ош-Кызыл-Кошчу | 6-45 тен 18-00 чейин | Кыймыл чиймеге ылайык | 2 |
| 11 | №11 | №398 Ош-Гулбар ч/з Бирлик, Манас | 06-45 тен 18-30 чейин | "Ош автобекети" | 5 |
| 12 | №12 | №365 Кара-Суу-Ак-Таш<br>№367 Тельман-Кара-Суу | Ар биринин аралыгы 10 мүнөт | "Кара-Суу" АС | 28 |

Конкурска юридикалык же жеке жактар, ишкердик иш субъекти катары катталган жүргүнчүлөрдү ташууга тиешелүү уруксаттамасы бар ишкерлер катыша алат. Конкурстук сунуштар, маалыматтар электрондук түрүндө тапшырылышы керек.

Конкурстун катышуучулары, конкурстун документтерин төмөнкү даректен ала алышат:

Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Памирский тракт көч., 1, тел:(0222) 88884 . Билдирмелер жана конкурстук документтер 9-февраль 2025-жылдан баштап 9-март 2025-жылы саат 18:00гө чейин кабыл алынат. Сынак Транспорт жана коммуникациялар министирлигинин Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин Ош аймактык башкармалыгында 10-март 2025-жылы төмөнкү дарек боюнча Кыргыз Республикасы, Ош шаары., Памирский Тракт көч., 1 дарегинде саат : 10-00 дө өткөрүлөт.

**Сынак комиссиясы**

## Жараксыз деп табылсын

Ош мамлекеттик университетинин медициналык окуу жайы тарабынан 2008-жылы Мойдинова Тухтахон Рахимжановнага берилген № СС 080061416 номерлүү дипломдун эки барак тиркемесинин түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ХХХ**

В связи с утерей бланки для разрещения грузоперевозок (дозвол) ИП Калыкул уулу Ыдырыса

№ 223640, 9142. 15.01.2025 г.

№ 223639, 9143. 15.01.2025 г. СЧИТАТЬ НЕ ДЕЙСТВИТЕЛЬНЫМ.

**ХХХ**

Зулпуева Дильзара Абдиваповнага таандык ИНН 10303198200113 берилген жеке ишкердиги тууралуу Ош шаар стат комитетинен берилген күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ХХХ**

05.03.2004-жылы туулган Акполванов Исломбек Русланбековичке Россия Федерациясынын Москва областына караштуу ИИМ тарабынан 2024-жылдын 15-мартында берилген бөлүмдүн коду: 500-071 болгон 46 23 509949 сандуу паспорту жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

## Филиал «Ош-Датка" ОАО «Айыл Банк» объявляет о реализации списанных основных средств (ОС) и малоценных быстроизнашивающихся предметов(МБП), не пригодных для дальнейшего использования в Банке по стартовой цене от 15 000,00 сомов:

| №п/п | Наименование | Кол-во/ Штук |
|---|---|---|
| 1 | Тепловая завеса Ballu BHS-L10-S06 | 1 |
| 2 | Пылесосы | 1 |
| 3 | Детектор валют PRO 1500IRPM LCD | 1 |
| 4 | Фотоаппарат | 1 |
| 5 | Переговорное устройство | 1 |
| 6 | Переговорное устройство | 1 |
| 7 | Детектор валют PRO 1500 IRPM LCD | 1 |
| 8 | Выносной дисплей Magner 75 | 1 |
| 9 | Выносной дисплей Magner 75 | 1 |
| 10 | Холодильник «Ноу фрост" | 1 |
| 11 | Микроволновая печь | 1 |
| 12 | Офисный стол 160х70см | 1 |
| 13 | Офисный стул | 1 |
| 14 | Офисный стул | 1 |
| 15 | Офисный стул | 1 |
| 16 | Офисный стул | 1 |
| 17 | Офисный стул | 1 |
| 18 | Офисный стул | 1 |
| 19 | Офисный стул | 1 |
| 20 | Офисный стул | 1 |
| 21 | Офисный стул | 1 |
| 22 | Офисный стул | 1 |
| 23 | Офисный стул | 1 |
| 24 | Офисный стул | 1 |
| 25 | Офисный стул | 1 |
| 26 | Стул офисный | 1 |
| 27 | Тубмочка ЛДСП | 1 |
| 28 | Кресло офисное | 1 |
| 29 | Кресло офисное | 1 |
| 30 | Кресло офисное | 1 |
| 31 | Кресло офисное | 1 |
| 32 | Кресло офисное | 1 |
| 33 | Кресло офисное | 1 |
| 34 | Козырек для банкомата | 1 |
| 35 | Козырек для банкомата | 1 |
| 36 | Монитор LCD 19.5 | 1 |
| 37 | Системный блок (в сборе) | 1 |
| 38 | Монитор19"LCD LG L1942S-PF | 1 |
| 39 | Монитор LCD 21.5 Samsung LS22D300NY | 1 |
| 40 | Монитор LCD 21.5 Samsung LS22D300NY | 1 |
| 41 | Системный блок ПК (в сборе) | 1 |
| 42 | Системный блок ПК (в сборе) | 1 |
| 43 | Системный блок (в сборе) | 1 |
| 44 | Системный блок (в сборе) | 1 |
| 45 | Монитор LCD 19.5 | 1 |
| 46 | Монитор LCD 19.5 | 1 |
| 47 | Системный блок (в сборе) | 1 |
| 48 | UPS,SVC, V-500-F, AVR стабилизатор:165-270ВА | 1 |
| 49 | Модем ADSL2+, TP-Link TD-W8961N | 1 |
| 50 | МФУ Canon i-SENSYS | 1 |
| 51 | Персональный компьютер | 1 |
| 52 | Системный блок ПК (в сборе) | 1 |
| 53 | МФУ LaserJet Pro MFP M227sdn | 1 |
| 54 | Монитор Dahua DHI-DHL19-F600 19,5 HD +1600*900 | 1 |

Вышеуказанные предметы реализуются полным списком, который можно приобрести по адресу: г.Ош, ул.Ленина 313 "Г". Прием и регистрация заявок претендентов по реализации списанных предметов производится до 14:00 часов «04» марта 2025г. по вышеуказанному адресу. В заявлении потенциальный покупатель должен указать: Ф.И.О. покупателя, контактный телефон, предлагаемую цену на него и приложить копию паспорта. Вскрытие предложений состоится 15:00 часов, «04» марта 2025г. по вышеуказанному адресу. Победителями будут признаны претенденты, предложившие наибольшую цену, а при равности предложений, победителями будут признаны претенденты ранее подавшие заявки. Расходы, связанные с оформлением имущества в соответствующих органах несет Покупатель.

По всем вопросам можете обращаться по тел: (03222) 7-08-66; (0779) 08-82-83; (0552) 02-35-10;

Театр турмушу

# ОШ УЛУТТУК ДРАМТЕАТРЫ - ЖЫЛДЫН МЫКТЫ МЕКЕМЕСИ



Ош облусунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн 2024-жылдагы жыйынтыгы боюнча Султан Ибраимов атындагы Ош улуттук драма театры "Ош облусундагы жылдын мыкты мекемеси" деп таанылды.

Бул сыймыктуу наамдын дипломун жана статуэткасын Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаев 23-январда болуп өткөн жыл жыйынтыгы боюнча коллегиялык жыйында Ош улуттук драма театрынын жетекчиси Керимбек Калыкуловго тапшырды.

Албетте, бул ардактуу наамга ээ болуу - театрдын жамааты үчүн чоң кубаныч жана сыймык. Театр - бул адамды руханий байыта турган искусствонун эң олуттуу түрү. Жакшы спектаклдер көрүүчүгө унутулгус таасир жана эмоция тартуулайт, инсандык жана интеллектуалдык деңгээлин өнүктүрөт, жан-дүйнөсүнө азык берет. Өзүнүн 50 жылдан ашуун тарыхында ушундай асыл вазийпаны аркалап келаткан Ош улуттук драма театры көрүүчүлөргө улуттук жана дүйнөлүк драматургиянын мыкты үлгүлөрүн тартуулап, мындан ары да чыгармачылык ийгиликтерди жарата берүүсүнө тилектешпиз.

# АМАНСЫҢБЫ, АПАКЕ!



Учурда С.Ибраимов атындагы Ош улуттук драма театрында "Амансыңбы, апаке!" спектакли жаңыланган актердук курам менен коюуга даярдалып жатыптыр. Кээ бир ролдорго жаңы актерлор дайындалып, Сагындын ролун актер Шермамат Райымбеков, Назираны жаш актриса Сезим Эшимбек кызы, чоочун жигитти Бектур Абыл ойнойт. Спектаклдин режиссер-коюучусу Назгүл Мырзаканова белгилегендей, спектаклдин толукталган актердук курамы менен "Амансыңбы, апаке" социалдык драманы коюу жакшырып, чыгармачылык жаңы табылгалар менен байыды.12-февралда спектаклге келип, актерлордун чеберчилигине баалап, ой-сезимиңизди байытып кетиңиздер. Анын автору: Кыргыз Эл жазуучусу Суранчы Жетимишов, театрдын көркөм жетекчиси, КРдин эмгек сиңирген артисти, Топчубай Досбаев, режиссер-коюучусу: Назгүл Мырзаканова. Ролдордо: энеси – Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти Калидакан Зейналиева, Дамира – Надира Сарыкова, Салия – Акылай Кадырбекова, Надира – Алмазбек кызы Айгалым, Назира – Эшимбек кызы Сезим, Садыр – Арген Тойчуев, Сагын – Шермамат Райымбердиев, чоочун жигит – Бакыт Мойдунов, Бектур Абыл.

Жаңы китеп

# ЖАН ДҮЙНӨ ЖАҢЫРЫГЫ

”Шайыр апалар” тобунун жигердүү мүчөсү Мырзайым Маматумарованын алгачкы ырлар жыйнагы жарык көрдү. Китептин өзөгүн жашоо, үй-бүлө, мекен жөнүндө жазган ырлар түзөт. Автор ыр жазып, ырдап чыгармачылык дараметин ар тараптуу өнүктүрүп келатат. Ал 1960-жылы 21-августта Өзгөн районундагы Салам-Алик айылында туулган. Туулуп- өскөн айылындагы Кызыл Кыргызстан орто мектебинен билим алган. 1975-жылы Жалал-Абаддагы №1 кесиптик -техникалык окуу жайынын механизация бөлүмүнө тапшырып, аны 1978-жылы аяктаган. Эмгек жолун Кыргызстандын 50 жылдыгы совхозунда тракторчу болуп иштөө менен баштаган. Кийин совхоздун түрдүү жумуштарында иштеди, базар мамилелериндеги соода-сатык ишин жөндөп, ишкердүүлүк менен алек болду. Өмүрлүк жолдошу Жаныбек Осмонов экөө 2 уул, 3 кызды тарбиялап өстүрүшүүдө. Уул-кыздан учугу уланып небере, чебереЛүү болушкан.

Мырзайым Маматумарованын чыгармачылык жолу студент кезде башталган. Ошондон бери анын үй-бүлө, ата-эне, туулган жер, Мекен жөнүндө эргип жазган ырлары гезит-журналдарга жарыяланып келүүдө. Удулу келгенде минтип, сыр сандыгын аярлап ачып, көөдөнүндө бапестеп баккан ырларын бир китепке сыйдырып, окурмандарга тартуулап отурат. Студент куракта ачылган акындык шык- жөндөм, талантын жан дүйнөсүн жүрөктө түнөткөн ырлары менен байытып келатат.



## ШЕДЕВР

Уйкум качып ойгоо жатам негедир,
Эргүү дагы келбей качат деле бир.
А мен болсо көшөрөмүн капырай,
Кыялымда жазгым келип шедевр.

Шедеврди кандай адам жаратат,
Менин дагы жазгым келип баратат.
Эргүү келсе жазам го деп олтурсам,
Эргүү келбей анан минтип таң атат.

Сонун сонун жаратышкан шедевр,
Алар деле мага окшогон пендедир.
Эргүү келип орундалса кыялым,
Мүмкүн балким ырдын кени мендедир.
Мен да мүмкүн жаратармын шедевр.

## НЕБЕРЕЛЕРГЕ

Силерге тегеренер,
Боломун чоң эненер.
Алыста жүргөндөргө,
Айланып чебеленер.

Баарыңды жакшы көргөн,
Боломун таененер.
Артымдан ээрчип жүргөн,
Алтындай неберелер.

Баланды бөлүп коюп,
Алардан кутуласың.
Ал эми неберене,
Өлгөнчө тутуласың.

Деген сөз чындык экен,
Далилдейм сөз ырасын.
Ал сөздү жалган десең,
Айлаң жок утуласың.

Балдарды бактым зорго,
Небере бакпайм деп
Айтышат кээ бирлери.
Чынында ал жалган кеп,

Небере таттуу тура.
Көргүлө жытын искеп,
Баары эле чуркап жүрөт
Неберем неберем деп.

Чоң эне таэне деп,
Күнүгө айтып турган.
Кучактап неберени,
Бакытка балкып турам.

Үй чачып чурулдашып,
Чогулуп оюн курган.
Таптаттуу неберелер,
Силерге жаным курман.

## ЫЙМАН БОЛСУН

Оо анда заман дагы,
Таптакыр башка эле.
Табият бир ажайып,
Чөп чыкчуу ташка деле.

Оо анда эч кимиси,
Короону тоспойт эле.
Айыл бир үй- бүлөгө,
Карасаң окшойт эле.

Үйлөрдү бекиткенди,
Ал кезде билчүү эмес.
Не керек болсо дагы,
Уруксатсыз тийчү эмес.

Карылар олтурушчу,
Чогулуп кобурашып.
Коңшулар кирип чыгып,
Турушчу ал сурашып.

А балдар ойношчу эле,
Чаң ызгып чуркурашып.
Ынтымак эле баары,
Нан сурап туз сурашып.

Кайрылбас ал күндөрдү,
Эстесем элжиреймин.
Заңкайган коргондорго,
Көз жетпей телмиремин.

Мейли эми короолорун,
Тосушсун коргондосун.
А бирок ыймандары,
Баарында болгон болсун.

## ЫРЫСКЫМ ЫРЛАРДА

Ырлардын кадырын ыр жазган жан билет,
Ырлардын асылын ырдаган жан билет.
Толготуп түн бою ырларды чүргөгөн,
Баарына күбөдөр агарган тан билет.

Акындын абалын түшүнөт акындар,
Бир бирин колдогон чыныгы асылдар.
Ырларын окубай кол шилтеп коюшат,
Андайлар дагы бар көөдөнү жакырлар.

Көөдөндө жүрөгүм түрсүлдөп урганда,
Көнүлүм эргүүдө толкундап турганда.
Кичине талантты жараткан сунганда,
Жаза эле беремин ырыскым ырларда.

## МЕККЕГЕ АЛПАРАМЫН

Ата, апа мен силерди,
Меккеге алпарамын.
Деп айтат Эрлан балам,
Мээнетиң кайтарамын.
Тилегин бере көргүн,
Аллахым неберемин.
Батасын аламын дейт,
Таята, таененин.

Кичине кезинде да,
Анча эле кыйнабады.
Өтө эле назик болчу,
Билинбей ыйлаганы.

Азамат жигит болуп,
Эмгегим баалап турат.
Алпарсаң алпар балам,
Ыйманым каалап турат.

Эрландын тилегине,
Кубанып толкуп алдым.
Меккеге барбасам да,
Баргандай болуп калдым.

Бетти даярдаган: А.МАТИЕВА.